**УДК 070+070.133 (575.2) (045)**
**DOI 10.53473/16946324_2023_3**

**Токтогулова Айгуль Токтогуловна,**
Международный университет Кыргызской Республики,
Старший преподаватель,
**Токтогулова Айгуль Токтогуловна,**
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети,
Ага окутуучу,
**Toktogulova Aigul,**
International University of the Kyrgyz Republic, senior teacher,
toktogulova-92@mail.ru

# КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫНДАГЫ КЕСИПТИК ЭТИКАНЫН УКУКТУК ЧЕНЕМДЕРИ

# ПРАВОВЫЕ НОРМЫ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ЭТИКИ В КЫРГЫЗСКОЙ ЖУРНАЛИСТИКЕ

# LEGAL NORMS OF PROFESSIONAL ETHICS IN KYRGYZ JOURNALISM.

***Аннотациясы:*** *Аталган иште кыргыз журналистикасындагы кесиптик этиканын өзгөчөлүктөрү боюнча жалпы түшүнүк аныкталган. Кыргыз журналистикасындагы укуктук ченемдер, сөз эркиндик, журналистер тарабынан этикалык нормалардын сакталыш маселеси республикалык жана областтык масштабдагы ММКлардын негизинде каралган.*
***Негизги сөздөр****: басма сөз, ММК, этика, аналитика.*

***Аннотация:*** *В данной работе определено общее понятие особенностей профессиональной этики в Кыргызской журналистике. Росмотрены вопросы свободы слова, правовых норм в кыргызской журналистике, соблюдения журналистами этики на основе СМИ республиканского и областного масштаба.*
***Ключевые слова:*** *пресса, СМИ, этика, аналитика.*

***Abstract****: This article defines the general concept of the features of professional ethics in Kyrgyz journalism. The issues of freedom of speech, legal norms in Kyrgyz journalism, compliance of ethics by journalists based on mass media of republic and regional scale are considered.*
***Keywords****: press, mass media, ethics, analytics.*

Баарыбызга белгилүү болгондой, журналистика - кесип да, өнөр да болуп эсептелет, анткени анда эмгектенген кызматкерлер, мыйзам, жобо, укуктук-ченемдик актыларга таянып, жалпы стандарттардын негиздеринде иш алып барат. Эркин басма сөздө көп учурда «демократиянын кычкылтеги» деп аташат, анткени булар бири-бирисиз жашай албайт. Француз саясий баяндамачысы Алексис Токвилл «Силер демократиясыз чыныгы гезитке, гезитсиз демократияга ээ боло албайсыңар»,-деген. Дүйнө жүзүндөгү элдер ушул жөнөкөй ойдун канчалык акыйкат айтылганына ынанышты. Калыптанып калган же жаңыдан өөрчүп келе жаткан демократия маалыматтуу жарандардын пикирлерине көз каранды болот, ал эми басма сөз элдин өзүн өзү башкаруусу үчүн зарыл болгон маалыматтын негизги булагы болуп саналат[1].

Журналисттердин маалымат берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн көп өлкөлөр эркин басма сөздү укуктук жактан коргоонун негиздерин киргизишкен. Мисалы, Кошмо

Штаттарда журналистика - Конституцияда көрсөтүлгөн бирден бир кесип деп таанылып, анда мындай деп айтылат: «Конгресс ...сөз же басма сөз эркиндигин чектөөчү эч бир мыйзамды чыгарбайт». Американын үчүнчү президенти Томас Джефферсон 1787-жылы: «Биздин бийликтин өзөгүн элдин ой-пикири түзгөндүктөн, эң биринчи максат, ушул укукту коргоо болууга тийиш, эгер мага бизде гезитсиз бийлик, же бийликсиз гезит болуш керек, ушул экөөнүн бирин тандаңыз дешсе, мен эч ойлонбостон туруп, акыркысын тандамакмын» - деп жазган. Эркин коомдо журналисттердин белгилүү деңгээлде укуктары, милдеттери менен бирге, жоопкерчиликтери да сөзсүз болуусу тийиш. Кээ бир өлкөлөрдө бул жоопкерчиликтер ачык жазылган, ал эми башкаларында болсо айкын айтылган эмес. Бирок, дээрлик бардык учурда аларда бир эле нерсе айтылат: журналисттер тышкы таасирлерге көз каранды болбостон, болгонун болгондой, так маалымат берүүгө жоопкер[1].

«Журналистиканын негизги максаты - эркин коомдо жашаган жарандарды так жана ишенимдүү маалымат менен камсыз кылуу». XIX кылымдагы америкалык жазуучу жана юморист Финли Питер Дьюн журналисттин иши - «бечараны жубатуу, байды бечара кылуу»,- деп жазган. Эркин коомдогу журналистиканын негизги озуйпасы муундан-муунга өзгөрбөстөн келе жатат. АКШ журналисттер комитети XX кылымдын аягында кесибинин мүнөздүү өзгөчөлүгү жөнүндө журналисттерден сурамжылоо жүргүзүп, соңунда: «Журналистиканын негизги максаты - эркин коомдо жашаган жарандарды так жана ишенимдүү маалымат менен камсыз кылуу»- деген жалпы тыянакка келген[1].

Журналистиканын коомчулук үчүн мындай маанисин жана зарылдыгын Кыргызстан эгемендик алган алгачкы жылдарда жогорку бийлик жакшы түшүнгөн. Анын аркасында демократиялуу жолдо өнүгүүнүн бирден бир негизи катарында журналисттиканын өнүгүүсүн камсыздап, журналисттик ишмердиктин жаңы шартта калыптануусун шарттай турган мыйзамдарды кабыл алуу аракеттери күчөгөн. Анын алгачкысы 1992-жылдын 2-июлунда кабылданган “КР Массалык маалымат каражаттары жөнүндө ” мыйзамы[2]. Анда ЖМКлар тууралуу түшүнүк берүүдөн баштап, аларды түзүүнүн, негиздөөнүн, катталуунун шарттары, кимдер кандай негизде маалымат каражаттарын негиздеши мүмкүн экендигине чейин, кандай маалыматтарды жарыялоого болот жана тескерисинче кандай маалыматтарды массагы жайылтууга тыюу салынат деген ченемдер каралган. Мыйзамдын документтердин бардыгын өзүбүздүн изилдөөбүздө талдоо келтире албагандыктан, анын урунттуу учурларына гана токтоло кетсек. Алсак, аталган мыйзамдын 18-беренесинде маалыматтар жарыяланбай турган учурлар каралып, төмөнкүдөй ченемдер камтылган:

- ✓ Жалпыга маалымдоо каражатынын органы; - сот талап кылгандан башка учурларда маалыматтарды өз атын атабоо шарты менен берген адамды атоого;
- ✓ алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун кат жүзүндөгү уруксаты болмоюнча, алгачкы текшерүүнүн, алдын-ала жана соттук тергөөнүн маалыматтарын жарыялоого;
- ✓ анын мыйзамдуу өкүлүнүн макулдугу болмоюнча, жашы жетпеген укук бузуучуга тиешелүү ар кандай маалыматтарды ачыкка чыгарууга укуксуз[2].

Ал эми, 19-беренесинде “журналист” ким?-деген суроого жооп: “Коомдун турмушунда болуп жаткан окуялар жөнүндө кабарларды чогултуп, массалык маалымат каражаттары үчүн материалдарды түзүп, редакциялап жана даярдоочу адам ушул мыйзамга ылайык журналист болуп эсептелет. Журналист жогоруда аталган жумуштарды өз алдынча же редакциянын штаттык кызматкери болуу менен иштөөгө укуктуу,”-деп берилген. Ушул эле ыргакты улай, мыйзамдын кийинки, 20-беренесинде журналисттин укуктары жана милдеттери каралган. Анда: Журналист:

- ✓ кабарларды чогултууга жана таркатууга;
- ✓ кесипчил журналисттик милдеттерин аткарууга байланыштуу кызмат адамы тарабынан кабыл алынууга;

- ✓ кабарлоочунун макулдугу менен маалыматтарды жазууга, анын ичинде, зарыл техникалык каражаттар менен жазып алууга;
- ✓ журналисттик күбөлүгүн көрсөтүү менен, табигый кырсыктар болуп өткөн жерлерде болууга, митингдерге, демонстрацияларга катышууга;
- ✓ келип түшкөн материалдарга байланыштуу фактыларды жана жагдайларды текшерүүдө адистерге кайрылууга;
- ✓ өзүнүн ынанымына карама-каршы келген материалды түзүүдөн жана кол коюудан баш тартууга;
- ✓ редакциялык даярдоонун жүрүшүндө өз пикири боюнча мааниси бурмаланды деп эсептеген материалга кол койбоого;
- ✓ эгерде, ал мыйзамды бузуу менен байланыштуу болсо, редактор тарабынан берилген тапшырмадан баш тартууга;
- ✓ автордук сырды сактоого;

Журналист берген автордук материалды өз эркинче бурмалоо менен редактор тарабынан келтирилген моралдык жана материалдык зыяндардын ордун сот тартибинде толтуруп алууга укуктуу[2].

Маалымат берген адамдардын авторду көрсөтүү жөнүндө өтүнүчтөрүнө канааттандырууга милдеттүү деген милдет-укуктар так берилген[9].

Ошондой эле бул мыйзамда 23-берене менен калкка жайылтууга жатпаган маалыматтардын тизмеси берилип төмөнкүлөр белгиленген:

а) мамлекеттик жана коммерциялык сырды ачууга;

б) учурдагы конституциялык түзүлүштү күч менен кулатууга жана бузууга, Кыргыз Республикасынын жана башка кандай гана болбосун мамлекеттин эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн бузууга чакырык жасоого;

в) согушту, зомбулукту жана ырайымсыздыкты, улуттук, диний обочолонууну жана башка элдерди жана улуттарды жек көрүүнү насаттоого;

г) инсандын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүүгө;

д) динге ишенгендердин жана дин кызматкерлеринин диний сезимдерин мазактоого;

е) порнографияны таркатууга;

ж) уят деп эсептелген сөздөрдү колдонууга;

з) жарандык жана улуттук этиканын ченемдерин бузуп, мамлекеттик символиканын атрибуттарын (герб, желек, гимн) мазактаган материалдарды таратууга;

и) жалган маалыматты атайылап калкка жарыялоого жол берилбейт[2].

Бул өңдүү журналисттик ишемрдиктин негизги жагдайларын дааналап жазып, ким эмнеге укуктуу жана кандай чектөөлөр бар экендигин белгилөө менен, мыйзамдык негизде кыргыз журналистикасынын өнүгүшүнүн расмий өзөгү түзүлгөн деп айтууга болот. Себеби, эгемендиктин алгачкы жылдарында сөз эркиндиги деген бийик ураан менен башталган жаңы багыт дагы көп көйгөйлөрдү жаратмак. Өзгөчө, массалы маалыматты таратуу жаатында. Дегенибиз, жаш мамлекеттин башкаруу тутумунда дагы, коргонуу тутумунда дагы тажрыйбасыздык байкалып турган. Ошондуктан, массалык маалыматтын кайсы багыттагылары мыйзамга туура келет жана кандай маалыматтар мыйзамга да, элдин, мамлекеттин кызыкчылыгына да каршы келе тургандыгын дааналап белгилөө өтө зарыл эле. Биз жаңыдан сөз кылган Кыргыз Республикасындагы журналистиканын өнүгүүсүн шарттаган алгачкы мыйзамдан кийинки жылдарда маалымат таратуу айдыңындагы мүчүлүштүктөрдү жоюуга багытталган толуктоолор менен өзгөртүлүп турду. Мисалга алсак, 1997-жылдын 5-декабрында кабыл алынган маалымат каражаттары жөнүндөгү мыйзамга толуктоолордо “Чындыкка ылайык келбеген маалыматтарды таркаткандык үчүн

жоопкерчиликтен бошотулуучу учурлар белгиленген. Ал жерде: Массалык маалымат каражаттары чындыкка ылайык келбеген маалыматтарды массалык маалымат каражаттарында таркаткандык үчүн төмөнкүдөй учурларда жоопкерчилик тартышпай тургандыгы белгиленген;

а) эгерде, мындай маалыматтар расмий документтерде жана билдирүүлөрдө баяндалса:

б) эгерде, алар маалымат агенттиктеринен же мамлекеттик жана коомдук органдардын басма сөз кызматтарынан алынса;

в) эгерде, алар эл алдынча чыгып сүйлөөлөрдү сөзмө-сөз кайталанса;

г) эгерде, алар алдын-ала жазуусуз обого чыгуучу автордук сөздөрдө болсо.

Мындай мыйзамдардын кабыл алынышы жана мезгил өткөн сайын коомдогу өзгөрүүлөргө жараша толуктоолорду киргизилип турушу- журналистиканын өнүгүүсүнө оң таасирин бере турган эң негизги шарт десек жаңылбайбыз. Себеби, биз аздыр-көптүр талдоого алган мыйзам беренелеринде эң негизгиси сөз эркиндиги түшүнүгү сакталып, журналисттердин маалымат алууга жана аны таратууга болгон укуктарын улам кеңейтип, андан калса, журналисттик ишмердикти жүргүзүүнүн кепилдиктерин тактоо менен журналисттердин өздөрүн коргоого алуу деген түшүнүктөр берилген. Мындай түшүнүктөрсүз журналисттик ишмердиктин бекемделишине жетишүү мүмкүн эмес. Кыргызстандын мыйзам чыгаруу бийлиги дүйнөлүк алкакта болуп жаткан өзгөрүүлөргө ылайык келе турган мыйзамдарды кабыл алуунун аракетинде. Анын катарында санариптик берүүгө өтүү жана мамлекеттин кызыкчылыгына каршы келе турган маалыматтарды таратуу, эч негизсиз кимдир бирөөнүн абийирине, ар-намысына шек келтирген жагдайлардагы жоопкерчилктерди күчөтүү деген маселелерди камтыган долбоорлорду айтууга болот. Алардын канчалык деңгээлде учур талабына туура келе тургандыгы тууралуу эксперттик жана журналисттик коомчулукта пикир бирдей эместигин да белгилеп кетүүгө милдеттүүбүз.

Заманбап коомдо маалымдоо каражаттарынын ишмердүүлүгү, медиа каражаттардын курмында өзөктүү оорунду ээлеген чыгармачыл жамаатын кесиптик деңгээли талдоочулардын көңүл чордонунда болуп келген.

Массалык маалымат каражаттары жөнүндө закондо, маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиктери тууралуу мыйзамда инсандын ар-намысына жана кадырөбаркына шек келтирүүгө жол берилбейт[3].

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесине таянып «ар бир адам ой-санаа, идея, пикирлерин эркин билдирүүгө жана таркатууга эркиндиги бар», деп жазылган законго таянып, берилген маалыматтын тактыгын, ачыктыгын текшерип, далилдебей ойго эмне келсе ошол иштерди жасап келүүдө.

Кыргызстандагы маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыздаган мыйзамдарга ылайык биздин мамлекетте, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүн кошуп алганда, ар бир жаран өзүнүн жеке турмушуна, ишемрдигине жана коомго билдирүүгө зарыл болгон мыйзам чегинде жашыруундук белгиси жок маалыматтарды каалаган учурунда алуу укугу бар экендиги жөнүндө биз жогоруда айтып өттүк. Андай укук жана милдет мамлекеттик администрациялардын кызматкерлерине, жетекчилерине жана тийиштүү адистерге, коомдук уюмдардын жетекчилери менен кызматкерлерине ж.б. маалыматты алып жүрүүчү, берүүчү тараптарга карата мыйзам чегинде аныкталган[4].

Ар бир жаран, журналисттер өздөрү же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жардамы менен тийиштүү мекеме-уюмдарга, мамлекеттик кызматтарга маалымат алуу үчүн кайрылууга укуктуу. Журналисттердин бул укугу катардагы жарандардыкынан дагы кеңейтилип, “Журналисттердин кесиптик укугун коргоо” жөнүндөгү мыйзамда журналист тоскоолдуксуз маалыматтарды топтоп, анализдеп, таратууга укуктуу деп көрсөтүлгөн. Бирок, мындай укуктарга карабай, Кыргызстанда журналисттердин кайрылуусу боюнча маалыматтарды берүү маселесинде бир топ чечилбеген, талаштуу жагдайлар бар. Ар бир мамлекет жетекчилеринин өзү жетектеген мекемеде орнотуп алган ички тартибине

байланыштуу болот. Алар көп учурда кайсы маалыматты берүүгө боло тургандыгын же болбой турганын мыйзамга таянып эмес, жеке көз карашы, наразыкчылыктарынын алкагында чечкен далилдер өтө көп. Мындай абалдын түзүлүшүнө жазылган мыйзамдардагы так эместиктер себеп болот. Мисалы, мыйзамда мамлекеттик мекемелердин жетекчилери жарандардын же журналисттердин кайрылуусу боюнча тийиштүү маалыматтарды берүүгө милдеттүү деп белгиленгени менен, бул укукту ишке ашыруунун механизмдери такталбай калган. Мыйзамда кайрылуу кабыл алуунун жол-жоболору жана жооп берүүнүн так убактысы көрсөтүлгөн эмес. Дагы бир жагы, эгерде мамлекеттик кызматкер же жетекчи маалымат берүүдөн баш тарткан учурда кандай аракеттерге барууга болот, журналисттер өз укуктарын кантип коргоп алат деген жободо так эмес. Ушундай эле маалыматты алуу укугун чектөө 2002-жылкы Аксыдагы каргашалуу окуялар маалында болгон. Анда жеке менчик маалымат каражаттарына окуяны иликтөөгө байланышкан маалымат такыр эле берилбей турган. Алардын айтымында, тергөөгө тийиштүү маалыматтардын бардыгы “Купуя сыр,” деген атайын белги менен катылуу болгон. Буну менен гана чектелип калбастан малекеттик маалымат каражаттарына дагы кеңири эркиндик берилбей, чектөөлөр болуп, текшерүүдөн өткөн жана чыныгы жагдайларды жетиштүү түрдө ачып көрсөтө албаган маалыматтар берилип келген.

Журналисттердин маалымат алууга болгон укугун чектөө учурлары өкмөт үйүндө, парламентте да көп кездеше тургандыгын адистер белгилешет. Алардын айтымында, бул мекемелерге кирип-чыгуу тартиби чектелүү болгондуктан, журанлисттер атайын каттоо же аккредитациянын гана жардамы менен иштей алышат. Эгерде, биз жалпы республика боюнча алып карай турган болсок, анда маалымат алууга болгон укуктарды чектөөлөр 2010-жылга чейин абдан көп болгонун эскертүүгө болот. Себеби, ал кездеги мамлекет башында тургандар, башка тармактардагы ишмердиктер сыяктуу эле, журналисттердин ишин дагы түздөн-түз көзөмөлгө алуу менен өздөрүнө гана керектүү жана ыңгайлуу болгон маалыматтарды жаздыртып таратууга басым жасап турушкан. Мындай көрүнүш борбордук гана эмес, аймактардагы мамлекеттик мекемелерде дагы кеңири практикаланып калган. Аймактардагы маалымат алуу укугуна байланыштуу маселелердин көбү-шайлоо өнөктүгү башталганда, жогорку бийликтен барган көрсөтмөлөрдү ачык айтпаса да ар кыл шылтоолор менен чектеп турушканы маалым.

Экинчи жагынан, диний маселелер боюнча материал даярдоодо жергиликтүү бийлик өкүлдөрү өзгөчө экстремисттик көз караштагы уюмдарга байланыштуу маалыматтарды ачык берүүдөн качышат. 2012-жылдын 1-октябрында бир канча телеканалдар менен, гезиттердин журналисттери Жогорку Кеңештин алдына чогулушуп, наарazылык акциясын өткөрүшүп, парламентте кабыл алынган журналисттердин эркин кыймылын чектеген чечимди катуу сынга алышкан. Себеби, депутаттар жыйындар залында журналисттер эч жакка эркин баспай, бир гана телетартууну жүргүзүп, үн жаздырып, сүрөттөрдү топтосун деп чектөө киргизишкен. Бул журналисттер үчүн, өзгөчө теле оператор, сүрөт кабарчыларга карата жасалган кысым болгон. Алар өз ишмердигинин алкагында жыйындар залындагы жүрүп жаткан жараянды жалпы көрүнүштө гана эмес, майда-чүйдөсүнө чейин берүү укугунун чектелишине мыйзамдуу түрдө наарazы болушкан[5].

Жалпылап алганда, мындай көрүнүштөр Кыргызстандагы журналисттердин маалымат алууга болгон укуктарынын чектелишинин күчөгөнүн эмес, балким, азайып жатканын көрсөтөт. Мындай маалымат алуу укуктарын чектөө фактылары 2010-жылга чейин көп болгонун далилдей турган учурлар арбын. Мисалы, 2008-жылдын 11-октябрында укук коргоочулар “Дело №” гезитинин кабарчысы В.Ночевкиндин УКМКда сурак беришин маалымат алуу укугун чектөө деп баалап чыгышкан. Укук коргоочу Азиза Абдрасулова бул факты боюнча: “Акыркы кезде Кыргызстанда жарандардын сөз эркиндигине болгон укугу, атап айтканда, журналисттердин маалымат алуу аракети чектелип, укугу бузулуп жатат[6]”-деп билдиргени белгилүү.

Медиа-эксперттер журналисттердин ар тараптуу укуктарынын аткарылышы боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрүндө кездешкен мисалдардын бири - бийлик өкүлдөрүнүн

журналисттерге карата көрсөткөн тымызын кысымдары. Мындай окуялар ачык айтылбаганы менен, бир катар журналисттер ошондой кысымдардан улам даярдалган материалдарды чыгаруудан баш тартып же тематикалык багытын баш тартып чыгарган учурлар болгон. Бирок, дайыма эле журналисттерге карата күч кысым көрсөтүлүп, колдонулат деген дагы туура эмес. Айрым учурларда журналисттер ката кетирген учурлар да катталып турат.

2010-2018-жылдардагы журналисттердин чыгармачылык ишмердигине байланышкан соттук териштирүүлөр.

2010-жылдын апрель айында болуп өткөн өлкөдө өзгөрүүлөрдөн кийин журналисттердин ишмердигинин эркиндигин камсыздалат деп билдиришкен. 2010-жылга чейинки кырдаалды талдоого алып, андан кийинки мезгилдердеги абалга көз сала турган болсок, анда журналисттердин ишмердигин колдоо, эркиндигин камсыз кылуу жана сөз эркиндигин бекемдөө жаатында бир топ алгылыктуу иштердин жасалганын моюнга алууга тийишпиз. Алардын эң башкысы - мурдатан мыйзамда каралып келген журналисттердин туура эмес маалыматтарды тараткандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу ченеминин жоюлушу. Тактан кулатылган бакиевчил бийлик журналисттерди кайсы бир маалыматтары, макалалары үчүн каматуу практикасын кадимки көрүнүшкө айландырып алган. Алтургай, өтө аша чаап кетти делген журналисттерди өлтүрүп коюудан кайра тартпай калган. Мына, ошондой кырдаал менен салыштырып караганда, 2010-жылдан кийинки журналисттердин кесиптик укуктарын коргоо мыйзамындагы өзгөртүүлөр абдан эле жагымдуу көрүнүш болгону күмөнсүз.

Айрым адистердин айтымында, журналистиканын сапаттуу деңгээлге чыгышына мындай чечим бир катар кедергисин тийгизиши мүмкүн эле. Анткени, журналистикадагы жоопкерчилик маселеси ансыз дагы эгемендик жылдарда солгундап, журналисттердин көбү жоопкерчилик маселеде кыйла алыстап калышкан. Ал эми, жаңыртылган ченем боюнча, эч негизсиз ушак-айыңдарды тараткандардын мыйзам алдындагы жоопкерчилигин жеңилдетип коюу абалды оорлотуп жибериши мүмкүн эле.

Аталган мыйзам долбоорун демилгелеп чыккан Жогорку Кеңештин депутаты Өмүрбек Текебаев жалган же туура эмес, бурмаланган маалыматтарды таратып адамдын ар-намысына шек келтирген журналисттерди сотко кайрылуу менен административдик жоопкерчиликке тартуу укугу ар бир жаранда сакталып кала тургандыгын билдирген[7].

Сот аркылуу өздөрүнүн жарандык укуктарын, ар-намысын коргоп алуу практикасы 2010-жылдан кийинки кыргыз журналистикасынын тарыхында уланып келүүдө. Далил катары 2012-жылдын апрелинде Жогорку Кеңештин депутаты Ирина Карамушкина менен “24 kg.” агенттигинин журналисти Махинур Ниязованын ортосунда башталган сот жараянын айтууга болот.

Парламенттеги социал-демократчыл депутат И.Карамушкина өзү жөнүндө жалган маалымат таратты деп, аталган журналистти сотко берип, келтирилген моралдык зыян ордуна агенттиктен беш миллион сом ондүрүүнү талап кылган. Депутаттын мындай кадамга баруусуна ошол эле жылдын февраль айындагы жол кырсыгы себеп болгон. Тактап айтканда, Карамушкинанын айдоочусу мас абалында эки кишини сүзүп кетип, бирөө жан берген эле. Мына, ушул окуяны чагылдырган журналист Махинур Ниязова: "Айдоочусу кырсыкка кабылганда, депутат машинанын ичинде болгон,”- деген маалымат тараткан.

Депутат айым берилген маалымат так эмес деген доомат менен сотко кайрылып, журналисттен жогорку сумманы өндүрүп берүү талабын койгон.

Бул факты эки нерсе менен журналисттер арасында эсте калды. Биринчиси, 2010-жылдагы революциядан кийин туруктуу бийлик катары эл тарабынан шайланган башкаруу бийлик өкүлүнүн биринчи жолку журналисттер менен соттошуусу . Экинчи жагдай, депутат журналисттен 5 миллион сом өлчөмүндөгү айып пул талап кылып, жалган маалыматтар үчүн деп, доо боюнча акча берилген жагынан рекорд койгон.

Ошол эле 2012-жылы журналисттерге карата доо арыз менен кайрылып, соттук териштирүүгө чейин барган - Жогорку Кеңештин депутаты Өмүрбек Текебаев. Ал бир эле

учурда үч гезит менен соттошкон. Алар: “Алиби”, “Азия ньюс” жана “Фабула” басылмалары. “Алиби” гезитин депутат анын башкы редактору Бабырбек Жээнбеков өзү жөнүндө ар кандай ушактарды таратып жатканы үчүн сотко бергенин айтып, нааразылыгын билдирген.

Гезиттин башкы редактору болсо, бул окуяны саясатчы сөз эркиндигине кысым жасап жатат деп баалаган. Мына, ушундай фактыларга таянуу менен, саясатчы азыркы журналисттерди кесипкөй эмес эсептеп: “Журналисттер мээнеттенбейт, билим деңгээли төмөн. Базарда бирөө минтип айтты деп ушакты гана жазып коюп отурушат. Маалыматты издеп убара болгусу келбейт, анализдеп, баа берүүгө көбүнүн деңгээли жетпейт. Бир эле гезиттин биринчи бетинде бир сөз болсо, экинчи бетинде аны төгүндөгөн башка сөздү жазышат,”- деген пикирин билдирген.

**Колдонулган адабияттар**

**1.** Жумагулов С. Журналисттер үчүн колдонмо. Б.: 2008. 3,4,5-б.
2. Ибраимкулов К. КР мыйзамдарынан үзүндүлөр. Б.:2007. 14-6.
3. Авраамов Д.С. Профессиональная этика журналиста. – М., 2003. -264 с.
4. Ибраева Г. К., Куликова С. История развития и современное состояние СМИ в Кыргыз- стане. – Б., 2002. -304 с.
5. Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги10-статья
6. Фонд свободы информации. Доклад.3- Июнь, 2009-ж.
5. http://www.vb.kg/266470
6. http://kloop.kg/blog/2013/04/10/e-ksperty-zhurnalista-israilova-ne-za-chto-lishat-parla- mentskoi-akkreditatsii/
http://www.media.kg/category/blogs/begaim/